Үйлөрүнөн болгон «Алый Интернациональ. Люксем- нүн башчысы.

шырма алды. Мектеп иш... окуучусу.

СЕНИН ЗАМАНДАШТАРЫҢ

# Чоң иштер колдорунан келет

«1-Май» колхозунун сүт-товар фермасына бараткан-да мен кызыктуу жигиттер менен жолугушам деп ой-логон эмесмин. Алар суроо-лорума жупуну жооп бери-шип, кемчиликтер жөнүндө унчукпай коюшат го деп ой-логомун. Баардыгы тескери болду. Алар жаш ири бо-до малды бордоп семиртүү-чү комсомолдук - жаштар коллективинде иштешет экен.

...Ийри - буйру жол чарбанын борбордук чарбагы-нан сүт-товар фермасына алып барат. Күн ачык жана жылуу болду. Фермадагы баданын жанында жигит-тер музоолорду тоюттанды-рып жатышты.

— Звеновой Виктор Бау-дерди кайдан табууга бо-лот?

— Бүгүн ага дем алыш, — деп жапырт жооп бериш-ти малчылар.

Комсомолдук-жаштар кол-лективиндеги жаштар өз-дөрүнүн звеновою, иштери, пландары жөнүндө айтып беришти. Аңгемелерин алар звеновойду кантип танда-гандыктары тууралуу баян-дашты.

Ал былтыр май айында болгон. Ферма башчысы малчыларды кадимкидей эле чогулушка чакырды. Бирок күн тартибинде: жа-ңы звеновойду шайлоо ма-селеси турган. Мурун же-текчи кимди көрсөтсө ошол бригаданы же звенону баш-карчу.

Жигиттердин алдыларында татаал маселени чечүү мил-дети турду. Үч кандидату-ра сунуш кылынган. До-буш берүү башталганда көпчүлүк добуш менен зве-новойлукка абдан эмгек-чил, өз үлгүсү менен баш-каларды аркасынан ээрчи-түүгө жөндөмдүү болгон Виктор Баудер шайланган.

Бригадалык подряд ык-масындагы звенодо жети адам эмгектенет. Алардын баары тең ишке зор жооп-керчилик менен мамиле кы-лышат.

— Өлкөн жылы биздин звеного жеңил орун издеген эки малчы келген, — дейт Роберт Крафт. — Бир эки жолу аларды эскерттик. Бирок мамилелерин өзгөр-түшкөн жок. Ошондо брига-да советинде бүт звенодо-гулар алардан кутулуунү чечишти. Ферма жетекчи-лери биздин өтүнүчтү кол-дошту. Азыр звенодо эм-гекчил, чынчыл балдар иш-теп жатышат. Евгений Рей-мер бизге жазында келген. Камболсун Молобаев болсо сегиз жылдан бери МТФда. Сагынбек Канкулов звено-го келгенче фермада саан-чы болуп иштеген. Жакын-да эле биздин коллективди Калыбек Кудайбергенов, Майрамбек Жакыпов, Сер-гей Гефнер толукташты.

Малчынын иши музоо-лорду багууда өзгөчө оор. Анткени аларга жаш бала-дай көзөмөл керек. Адеген-де сүт эмизип, акырындап отко которушат. Беш-алты айлыгына чейин ушундай болот.

Виктор Баудердин звено-сунун ишинин жыйынтыгы эң сонун. Пландагы 600 граммдын ордуна балдар айына 700—750 граммдан салмактандырууга жетишип жатышат. Октябрдагы сал-мактандыруу 800 граммды түзөт. Комсомолдук-жаш-тар бригадасынын карама-гында 600гө жакын музоо бар.

Балдар иштеги пробле-малар, муктаждыктар жөнүн-дө көп айтышты.

— Бир нерсени жашы-рып, кемчиликтер жөнүндө ачык айтпаган учур артта калды. Кайра куруу ишке жаңыча мамиле кылууну талап кылууда, — дейт Роберт Крафт. — Мал кыш-татууга негизинен даярбыз. Бизде ноолорду ремонттоо иши жаман болуп жатат. Бул иш бригадирдин мил-дети болсо да өзүбүз кири-шүүгө аргасыз болуудабыз. Ноолор жакшы жетишпейт. Ар күнү короого кык толуп калат. Аны сүрүп таштагы-дай трактор да жок.

Жигиттер ошондой эле отпуска мезгилинде эс алууга бара турган жайдын жоктугу, профкомдун пу-тевка бөлбөй тургандыгы, бала бакчасы боюнча иш жакшы чечилбей жаткандыгы жөнүндө айтышты.

Жаш малчылардын көп-чүлүктөрү техникага кызы-гышып, айдоочунун күбө-лүгүн алууну эңсешет.

Комсомолдук - жаштар звеносунун мүчөлөрү ынты-мактуу коллектив болуп жашап жана эмгектенишүү-дө.

Т. МОРГУНОВА.